## СТУДЕНТ-МЕДИКТЕРДИН КЕП АДЕБИ

**Касымбекова Н.Ж.**
И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы,
Кыргыз тили кафедрасы,
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы

**Корутунду.** Акыркы жылдарда кеп адеби (өзгөчө жаштар арасында) маселеси курч туруудa. Алардын бир күндүк активдүү лексикасын 300-400дөй сөз түзсө, болжол менен 30-35 мите сөздөр түзөт. Мите сөздөр (боштукту толтуруучулар) – кепте ашыкча колдонулган, мааниси жок сөздөр. Аларды аба, суу жолдору аркылуу берилүүчү жугуштуу оору деп санаса болот, анткени мите сөздөр көп колдонулган чөйрөдөн жугат.
Макалада студент-медиктердин оозеки кеби, т.а. андагы мите сөздөрдүн орду иликтөөгө алынат. Изилдөө иштери анкеттөө, ар кыл кырдаалдагы оозеки кепти үн жаздыруучу аппаратка жаздыруу ыкмалары аркылууишке ашат.
Келечектеги дарыгерлердин кебиндеги мите сөздөрдүн сандык катышы аныкталгандан кийин, алардын пайда болуу себептери, тайманбай күрөш жүргүзүү зарылдыгы такталат жана күрөшүү жолдору сунушталат.
**Негизги сөздөр:** кеп адеби, мите сөздөр, дисграфия, дислексия, дислингвия, сөздөрдүн энергиялык кубаттуулугу, лингвоактивдүү кесип.

## РЕЧЕВОЙ ЭТИКЕТ СТУДЕНТОВ-МЕДИКОВ

**Касымбекова Н.Ж.**
Кыргызская государственная медицинская академия имени
И.К. Ахунбаева, кафедра кыргызского языка,
г. Бишкек, Кыргызская Республика

**Резюме.** В последнее время (особенно среди молодежи) остро стоит проблема речевого этикета. Активная лексика молодежи состоит из 300-400 слов, из них 30-35 слова- паразиты, которые не несут в себе никакого смысла. Их можно считать заболеваниями, передающимся воздушно-капельным путем, т.к. словами-паразитами “заражаются” от круга общения, часто использующих их в своей речи.
В статье рассматривается речевой этикет студентов-медиков и место слов-паразитов в их речи.
Исследование проведено путем анкетирований и аудиозаписей.
После количественного выяления слов-паразитов в речи будущих медиков, предлагаются пути избавления от них и необходимой борьбы ними.
**Ключевые слова:** речевой этикет, слова-паразиты, дисграфия, дислексия, дислингвия, энергетика слов, лингвоактивная профессия.

## SPEECH ETIQUETTE OF MEDICAL STUDENT

**Kasymbekova N.J.**
I.K. Akhunbaev Kyrgyz State Medical Akademy,
Bishkek, the Kyrgyz Republic

**Annotation.** In recent years there is the acute problem of speech etiquette (especially among youth). Active youth lexicon consists of 300-400 words, of which 30-35 word-parasites do not carry any meaning. They can be considered as diseases transmitted by airborne droplets, because person can be “infected” by word-parasites by personal contact, often using this kind of words in his speech.
The article discusses the speech etiquette of medical students and the place of word-parasites in their speech.
This research was conducted through questionnaires and audio recordings.
After the quantitative detection of words - parasites in speech of the future doctors, the waes of getting rid of them and the to fight them was given in this article.
**Keywords:** speech etiquette, words-parasites, dysgraphia, dyslexia, dislingvia, power of words, lingvoactive profession.

Акыркы жылдарда реалдуу жашоо көндүмдөрүнөн тыш, виртуалдык дүйнөнүн эре-желери менен “жашаган”, дүйнө таанымы, көз карашы, баскан-турганы, сүйлөө манера-сы өзгөчө биороботтор мууну жаралууда. Булар цивилизациянын ар түрдүү тарма-гынан ар кыл тилдик бирдиктерди боюна сиңирүүдө. Бул учурунда кеп адебине көлөкө түшүрүп жатат.

Кеп адеби – адамдын жан дүйнөсүнүн күзгүсү. Ошондуктан мындан 100 жыл мурун эле академик Л. Щерба оозеки кепти иликтөө маанилүү экендигин белгилесе керек [1]. XXI кылымдын башында Японияда, Англияда ушул сыяктуу изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Биз да аналогиялык ишти студент-медиктерге анкеттөө, оозеки кебин үн жаздыруучу аппа-ратка жаздыруу, талдоо иштери аркылуу жүргүзүүгө аракет кылдык. Топтолгон мате-риалдардын ичинен бул макалада өзгөчө лексикалык катмарларга – мите сөздөргө ток-толууну чечтик.

Иликтөөнүн максаты:

- студент-медиктерин кебиндеги мите сөздөрдү аныктоо;
- күрөшүү ыкмаларын сунуштоо.

Мите курт – башка организмдин эсебинен тамактанып жашоочу организм. Ал эми, мите сөздөр (боштукту толтуруучулар) – кепте ашыкча колдонулган, мааниси жок сөздөр. Аларды аба, суу жолдору аркылуу берилүүчү жугуштуу оору деп санаса болот, анткени мите сөздөр көп колдонулган чөйрөдөн жугат.

Жаштардын кебиндеги мите сөздөргө бир топ лингвист-окумуштуулар олуттуу илик-төөлөрдү жүргүзгөн. Казактардын белгилүү тилчи-окумуштуусу М.М. Копыленко 14-15 жаштан 24-25 жашка чейинки жаштар теңтуштары менен сүйлөшүүдө өзгөчө сөз-дөрдү колдонушат дейт [2]. Орус филологу М.Ганина: “Мите сөздөр кийим, чач жасал-гасынын жаңылануусунан да тез өзгөрөт” - деп жазат [3].

Изилдөөгө 300дөй студент катышты. Жасалмалуулуктан качуу үчүн студенттер-дин сабактан тышкаркы туугандары, теңтуш-тары, тааныштары сыяктуу ар түрдүү катмар менен баарлашуусу да талдоого алынды. Катышуучулардын анонимдүүлүгү сакталат, алар жөн гана И-1 (информант-1), ... И-50 ж.б деп берилет.

Бүгүнкү күндө иликтөөнүн болжолдуу жыйынтыктарын чыгарууга болот. Иликтөө-нүн натыйжасынан белгилүү болгон 1-масе-ле студенттердин акивдүү лексикасын ор-точо эсеп менен 300 дөй гана сөз түзөт. Анын 30ун отоо сөздөрү түзөт. Талдоонун жыйынтыгында белгилүү болгондой, бүгүн-кү оозеки сүйлөшүү (өзгөчө жаштардын) бузулган, тантык, түшүнбөй турган деңгээл-ге чейин өзгөртүлгөн сөздөргө жык толгон. Тилдин байлыгын пайдалана билбеген, И. Ильф жан Е. Петровдун “Двенадцать стульев” аттуу комедиясындагы лексикалык кору 30 гана сөздү түзгөн Эллочка людоедкадай адамдардын арабызда бар экендиги ойлондурбай койбойт. Мурун медицинада кепке тийиштүү эки оору: дисграфия (жазуу процессинин бузулушу) жана дислексия (окуу жана жазуу көндүмдөрүнө ээ болуу тоскоолдуктары) белгилүү болсо, азыр дис-лингвия (тилдерди өздөштүрүү жөндөмдүү-лүгүнүн жоктугу) деген жаңы оору кошу-лууда. Маселенин курчтугун мындан бай-каңыз. Атанын каны, эненин сүтү аркылуу берилген эне тилин өздөштүрүүдө кыйын-чылыктар жаралууда.

Иликтөөдө жаралган 2-маселе мите сөздөр. Айрым үзүндүлөрдө алар кептин 50% түзөт.

Төмөндө студент-медиктердин кебинде көп кездешкен мите сөздөрдөн мисалдар келтирилет. Белгилей кетчү нерсе, биздин сту-денттер кебинде орус тилиндеги сөздөрдү көп колдонушат.

“*Короче*” – кыскача айтканда. Адам кебин “короче” деп баштаса, көпчүлүк учурда сиз-дин чыдамдуулугуңуз талап кылынат. Мындай сөздү жактыргандар адатта кыска сүйлөй алышпайт. Колго илинер ой азайып, суусу көбөйтөт. Эң кызыктуу парадокс “кыскача айтканда” деген сайын кеп дагы узарат.

*“Типа”* – бул “вроде бы” (“сымал, сыяк-туу”) деген сөздүн элдик варианты. Бирок, ойлонтчу нерсе, алар орундуу, орунсуз жерге эле колдонулуп жүрөт.

Ар бир муундун мите сөздөргө байла-ныштуу өз табылгасы болот. Студенттердин, жаңы муундун салымы – “как бы”. Лингвисттер баарлашып жаткан адамыңыз бул сөздү көп колдонсо, ал белгисиздик атмосферасын куруу аркылуу ал өз иш-аракеттерине жана сөздөрүнө жооп берүүдөн качкан туруксуздук адам экендигин бил-дирет дешет.

*“Как сказать”* – студенттердин дагы бир сүйүктүү фразасы. Ал “муну билем, бирок азыр эстей албай жатам” деп кууланып, убакытты созууга аракет кылат.

*“Ну”* – бул эң жогорку рекордсмендик көрсөткүчкө ээ болуп, ишенимдүү түрдө биринчиликти камсыздаган сөз. Бул байыркы сөздөрдүн бири. Аны көпчүлүк славян тил-деринен кездештирүүгө болот. Андай бол-гону менен этимологиясы бүгүнкү күнгө чейин такталат элек. Филологдор диалогдо “ну” сөзүн көп колдонуу баарлашуучуну коммуникациялык байланышка чакырат деп эсептешет. Эң кызыгы, хетт

тилине (хеттер – байыркы элдердин бири) ар бир сүйлөмдүн алдында "ну" колдонулган экен. Ал кептеги боштукту толтуруп, тыным алууга жардам берет.

*"Блин"* – муну көп колдонгондор өз эмоциясын башкара албагандардын катарына кирет.

*"Это самое"* муну жалкоо, жоопкер-чиликти сүйбөгөн адамдар колдонушат. Алар – ишенимсиз жана ашыкча им-пульсивдүү.

*Мите сөздөрдү пайда болуу себептери:*

**1. Сөз байлыгынын жардылыгы**

Отоо сөздөр кыргыз тилинин экологиясына терс таасир тийгизүү менен, белгилүү бир курактык же социалдык топтун гана эмес, заманбап коомдун жалпы көйгөйүнө айла-нууда. Маселе өзгөчө жаңы лексикалык катмардын пайда болуп жаткандыгында эмес, сөз байлыгынын жардылыгынын кеп маданиятын жогорулатууга тоскоол болгон-дугунда. Кеп – тилдин эмес, жеке инсандык лексикондун жардылыгында.

Адамдын лексиконунда 7-9 миңден тартып, 11-13 миңге чейин сөз камтылат. Ал эми көркөм сөз чеберлеринде лексикондун бай-лыгы чеберчиликтин көрсөткүчү катары бааланат. Мисалы, А.С. Пушкин өз чыгарма-ларында 21 миң сөз колдонгон болсо, С.Есенин - 19 миң, М.Сервантес - 17 миң, В.Шекспир - 15 миң сөз колдонгон. Ал эми океандай "Манасты" жараткан кыргыз тили түрк тилдеринин ичиндеги эң бай жана кылымдарды карыткан байыркы тил болуп эсептелет [4]. Атактуу тилчи Жээнбай Мукамбаев "В.И. Лениндин 53 томдугуна караганда "Манастын" эки томдугунда сөз көп" - деп айткан [5]. Белгилүү тилчи, профессор Карбоз Дыйкановдун жазганына таянсак, анда СССР илимдер академиясы ал томдуктарды иликтеп, 37500 лексика пайда-ланылган десе, "Манас" эпосунун 3 том-дугунда 73000 лексика колдонулган [6]. "Манас" эпосу ойдун гана эмес, сөздүн да чалкып жаткан океаны болуп жатпайбы! Кыргыз эли – кеп багып, сөзгө өзгөчө маани берип, "өнөр алды - кызыл тил" деп, ар бир сөздү салмактап сүйлөгөн, рухий байлыкты материалдык байлыктан жогору койгон эл. Дүйнөлүк тилдерди изилдеген аалым Альбертас Лауринчюкас "Ковбои истории и торжество разума" деген китебинде жер-суу, тоо-ташты атоо жагынан кыргыз тилинин абдан бай экенин таң калуу менен жазат. Дагы бир мисал, жылкынын сымбаты орус тилинде 18-20 сөз менен эле сүрөттөлсө, кыргыз тилинде 800дөй сөз менен көркөм-дөлөт. Дегеле коомдун, адамдын, табияттын не бир түркүн-түстүү жагдай-көрүнүштөрүн кылдат чагылдырып берүү жагынан кыргыз тилинин мүмкүнчүлүк - байлыгы миң кыр-луу десек жаңылышпайбыз. Мынакей, мын-дай бай мүнөздөмө-аталыштар менен дүй-нөнүн туш тарабына кенен-кесири чабыттаса болбойбу? Эң сонун болот... Тилекке каршы, кыргыз жаштарынын ата-бабаларыбыздын асыл мурасы – адам баласынын ички дүйнө-сүнө жана психологиясына азык болуучу байлыктарды камтыган алтын казынасы – көркөм сөз өнөрүн баалабай, башка дүйнөлүк цивилизациялардын менталдык баалуулук-тарыбызга туура келбеген өзгөчөлүктөрүн сокур тuурап жаткандыгы учурдун маанилүү лингвистикалык көйгөйүнө айланууда. Мите сөздөрдүн тилинде бир да классикалык чыгарма жаралган эмес, ошондой болсо да, ал активдүү колдонулууда.

2. **Мите сөздөрдү саркечтик, заман-баптык түшүнүгү менен байланыштыруу**

Жаштар, алардын ичинде келечектеги дарыгерлер көчө жаргондоруна, варваризм, жаргонизм, диалектизм, мите сөз сыяктуу отоо сөздөргө баарлашуунун кадыр-барктуу бирдиги катары ардактуу орун беришет, ансыз өзүн жаштар коомунун татыктуу мүчөсү катары эсептебей калышат. Айрым-дары алардын саркечтигине, образдуу-лугуна, таасирдүүлүгүнө ишенишет.

**3. Атайын боштукту толтуруу аракети**

Айрым бир учурларда тилдик тактиканын милдетин аткарат. Себеби, ыңгайсыз суроо-лор берилип, бирок жоопсуз калтырууга мүмкүн болбогон учурда колдонушат.

*Эмне үчүн мите сөздөр менен тайманбас күрөш жүргүзүү зарыл:*

**1. Отоо сөздөрдүн энергиялык кубаттуулугу зыян таасирге ээ**

Кванттык генетика институтунун окумуштуулары үндүк (акустикалык) толкундар сыяктуу эле сөздүн өсүмдүк, жаныбар, адам баласы сыяктуу жандуу дүйнөгө таасир этүүчү касиетин далилдешкен. Сөздүн энер-гиясын кабыл алгыч зат катары суу эсептелет. А, адамдын денеси 70-80% суудан турары эбактан бери белгилүү. Демек, ДНКнын "кулактары" вербалдык энергиянын таасирине өтө көп кабылат. Алардын пикирине таянсак, мите сөздөр миң рентгендик радиоактивдүү нурдануу сыяк-туу эле мутагендик таасирге ээ. Мейкин-дикке таралган сөздөрдүн энергиясы туура-луу Пифагор: "Сөздөр экинчи күндү же туңгуюк караңгылыкты жаратат жана түбө-лүк ушул мыйзамдын негизинде иштейт," - деп жазган [7]. Ар бир сөз өзүнүн табигый касиетинен тышкары сүйлөөчүнүн да эмоционалдык абалын кабыл алып, натый-жада өздүк "аурасын" түзөт. Демек, кеп – өзүбүздө

эле катылып жаткан программалык код, бардык жандарды башкаруучу ачкыч.

**2. Дарыгерлик – лингвоактивдүү кесип**

Тилдик маданият дарыгердин жалпы кесиптик компетенттүүлүгү үчүн зарыл шарттардын бири болуп саналат. Кептик маданияты дарыгердин кесиптик ишмер-дүүлүгүнө тийиштүү ар түрдүү кырдаал-дарда өзүн ишенимдүү алып жүрүүгө, социалык статусун бекемдөөгө жардам берет.

Антикалык доордо эле дарыгерлер оорулуунун денесин эле эмес, жан дүйнөсүн да дарылоо керектигин айтышкан. Бул ойду Гиппократтын "ооруну эмес, оорулууну дарылоо зарыл" деген сөзү да бекемдейт. Орус хирургиясынын негиздөөчүсү Н.И. Пирогов сөздүн кудурет күчү менен меди-циналык каражаттарга караганда адамдын ички дүйнөсүнө тереңирээк кирүүгө мүмкүн экендигин айтып, кесиптештерин дайыма анын касиетин орундуу пайдаланууга чакыр-ган. "Сөз жүрөккө барат; Анын жыпар жыттуу гүлдөй, мүрөк суусундай, же курч бычак, кыпкызыл чокто ээриген темирдей, же баарын булгаган баткак-чыладай таасир тийгизери Сага гана көз каранды,"- дейт улуу педагог Сухомлинский [8].

**3. Адамдын купуя сырларын айрандай төгөт**

Анткени, изилдөөлөр адамдын кеби анын дүйнө таанымынан, ой жүгүртүү деңгээ-линен, деген адамдык сапаттарынан кабар берерин көрсөтүшкөн.

Белгилүү орус жазуучусу Лев Толстойдун "Согуш жана тынчтык" аттуу классикалык чыгармасы алгач 1897-жылы жарыкка чык-кан. Кызыктуусу IV томдук чыгарма болжол менен 2080 беттен турат. Жалпы жонунан анда 3 миллион 370 миң куралданган аскер, б.а. тамгалар бар. Ар бири өз кызматын, т.а. гениалдуу жазуучунун асыл ойлорун берүү кызматын аткарат. Анан эле ардактуу жүктү аркалаган аскерлердин арасынан 115 миң эч кандай жумуш жасабаган, бекерпоздору чыга келет. Булар "ъ" белгилери. Кийин 1917-1918 жылдардагы орус орфогра-фиясынын реформасына ылайык кайрадан басылып чыкканда, бул "мителер" алынып салынган, натыйжада чыгарма 70 баракка кыскарган. Элестетип көргүлө, 70 барактык "ъ" белгилеринен арылгандай, кебибиздеги эч кандай мааниге, кошумча эмоционалдык боекко ээ болбогон мите сөздөрдөн арылсак кандай болмок.

*Оозеки кептеги мите сөздөрдөн арылтуучу сунуштар:*

I. а) күнүнө ар кандай кырдаалды чагылдырган оозеки кепти (15-20 мүнөт) үн жаздыруучу аппаратка жаздыруу;

б) кайрадан угуп, жаргондор, диалек-тизмдер, мите сөздөрдү баракка жазып алуу;

в) көрүнөө жерге илип коюу;

г) басып-туруп маанисине туура келген сөздөр менен алмаштыруу; Мисалы, "ничего себе" сөзүнө синонимдерди сунуштап кө-рүңүз.

Үлгү: Кандай сонун! Керемет! Аябай таасирлендим!

II. Сырттан байкоо жүргүзүүчү адам таап, жардам берүүсүн суронуу;

III. Чечендик өнөр тууралуу эмгектер менен өздүк китепкананы толуктоо;

IV. Белгилүү топ менен шарттуу айып пулду макулдашып алуу.

Томскидеги политехникалык университетинин студенттери мите сөздөрдөн арыл-туучу билерикти ойлоп табышыптыр. Иштөө схемасы тууралуу долбоордун авторлорунун бири Екатерина Колтунова мындай дейт: "Билерик Bluetooth аркылуу кайсы бир аппа-ратка туташтырылып, тиркемесине тийиш-түү сөздөр, сөз айкаштары программаланат. Эгер адам кандайдыр бир чектелген лексиканы, айталы, мите сөздү колдоно турган болсо, азыраак заряддагы электр тогу жөнөтүлөт." Кайра-кайра токко урунуунун (азыраак заряд менен) натыйжасында тил салыштырмалуу тазарат тура.

Демек, сөз – жаратуучу да, кыйратуучу да. Бирок, белгилей кетчү нерсе, бүгүнкү күндө көпчүлүк адамдар өз оозунан чыккан сөзгө тийиштүү көңүл бура беришпейт. Күндө угуп, кулагыбызга сиңип калган мите сөз-дөрдү эстеп көрүңүздөр. Эгер ал сөздөрдүн терс таасирин жетиштүү билгенибизде, кеби-бизде анчалык активдештирбейт элек. Алар-ды атайылап кепте колдонуу И.Герасимов-дун тили менен айтканда, "кырсык, балакеттерди күчтөп, зордоп жашообузга алып келүү" менен барабар. "Себеби – дейт окумуштуу – мите сөздөр күнүнө бирден адамды кучагына алуу менен миңдеген жылдар бою күкүмдөп чогултулган адамзат-тын тил казынасын талкалоого жөндөмдүү" [9].

Чындыгында эле сөз – эң негизги терапевт жана анын кубаттуу күчүн пайдалана би-лүүгө көнүктүрүү зарыл.

***Адабияттар***:

1. *Щерба Л.В. Языковая система и речевая деятельность. - Л., 1974. – 200 с.*
2. *Копыленко М.М. "О семантической природе молодежного жаргона" Социолингвистические исследования. - М., 1976. –294 с.*
3. *Ганина М. Чтобы не сгореть на воде (о русском языке и русской жизни) // Наш современник. - 2001. - № 9. – С. 5-6*
4. *Жооданбеков А. Мамлекеттик тил качан мамлекеттикке айланат / Шоокум. – февраль, 2013. – Б.15-16.*
5. *Кадыров Ы. Кыргыз маданиятынан тамган тамчылар. – Б.,2011. – 180 б.*
6. *Дыйканов К. Алфавитно-частотный словарь эпоса «Манас». - Ф., 1988. – 220 б.*
7. *Левонтина И.Б. О словах-паразитах. Действительно ли эти слова лишние в языке?// 1 сентября. Русский язык. - 2004. - №15. – С.9-10.*
8. *Земская Е.А. Русская разговорная речь: лингвистический анализ и проблемы обучения. – М., 1987. – 310 с.*
9. *Сухомлинский В.А. Сто советов учителю. - М., 1981. – 200 с.*